“Жекелештирүү каражаттарынын маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомунун долбооруна

**НЕГИЗДЕМЕ-МААЛЫМКАТ**

**1. Максаты жана милдети**

“Жекелештирүү каражаттарынын маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомунун долбоору (мындан ары – токтом долбоору) 2023-жылдын 24-мартындагы №70 “Товардык белгилер, тейлөө белгилери, географиялык көрсөтмөлөр жана товарлар чыгарылган жерлердин аталыштары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын жаңы Мыйзамын (мындан ары – Мыйзам) ишке ашыруу үчүн даярдалган.

**2. Баяндоочу бөлүк**

Жогоруда аталган Мыйзамдын 54-беренеси менен ченемдик укуктук актыларды Мыйзамга ылайык келтирүү үчүн алты айлык мөөнөт белгиленген. Ушуга байланыштуу, интеллектуалдык менчик жаатындагы тармактык ченемдик укуктук актыларды ылайык келтирүү максатында Кыргызпатент тарабынан ушул токтом долбоору иштелип чыккан.

Токтом долбоору менен Товардык белгини жана тейлөө белгисин каттоого өтүнмө түзүүнүн, берүүнүн жана карап чыгуунун эрежелеринин долбоорун (мындан ары – Товардык белгилер боюнча эрежелердин долбоору) жана Географиялык көрсөтмөнү каттоого жана пайдалануу укугун берүүгө өтүнмө жана мурда катталган географиялык көрсөтмөнү пайдалануу укугун берүүгө өтүнмө түзүүнүн, берүүнүн жана карап чыгуунун жана эрежелеринин долбоорун (мындан ары – Географиялык көрсөтмөлөр боюнча эрежелердин долбоору) жаңы редакциясында бекитүү сунушталууда.

Ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 29-февралындагы №153 “Товарлар чыгарылган жерлердин аталышын каттоого жана пайдаланууга укук берүүгө өтүнмөнү жана катталган товарлар чыгарылган жерлердин аталышын пайдаланууга укук берүүгө өтүнмөнү түзүүнүн, берүүнүн жана кароонун эрежелерине тийиштүү оңдоолор киргизилди.

Товардык белгилер боюнча эрежелердин долбоору өтүнмөнүн жана ага тиркелген документтердин мазмунуна талаптарды, өтүнмөнү кагаз түрүндө гана эмес, өтүнмөнү электрондук түрдө берүүнүн системасы аркылуу электронду ктүрдө берүүнүн ыкмаларын караштырат, берилген өтүнмөлөрдү үчүнчү жактар менен тааныштыруу үчүн алдын ала экспертизадан кийин өтүнмөлөрдү жарыялоо ченеми

киргизилген. Ошондой эле негизги экспертизаны өткөрүү мөөнөтү 12 айдан 7 айга чейин кыскартылган. Жалпысынан бул долбоор товардык белгини каттоого өтүнмө түзүүнүн, берүүнүн жана карап чыгуунун жана экспертиза жүргүзүүнүн маселелерин жөнгө салат.

Ушуну менен бирге Мыйзамга ылайык интеллектуалдык менчиктин жаңы объекти "географиялык көрсөтмө" жарандык жүгүртүүгө киргизилди. Географиялык көрсөтмө интеллектуалдык менчиктин жаңы, өзгөчө объекти болуп саналат.

Географиялык көрсөтмө катарында жаңы объектини киргизүү өтүнмө ээлерине географиялык көрсөтмөнү белги катарында каттоого жана пайдалануу укугун алууга мүмкүндүк берет, ал товарды өлкөнүн же региондун же жердин аймагынан келип чыккан катары идентификациялайт, мында анын сапаты, бедели жана башка мүнөздөмөлөрү анын географиялык келип чыгышына байланыштуу болот. Бул географиялык объектинин аймагында товардын чыгаруунун баскычынын эч болбогондо бири жүзөгө ашырылышы керек.

Сунушталган Географиялык көрсөтмөлөр боюнча эрежелердин долбоору менен Географиялык көрсөтмөнү каттоого жана пайдалануу укугун берүүгө өтүнмө жана мурда катталган географиялык көрсөтмөнү пайдалануу укугун берүүгө өтүнмө түзүүнүн, берүүнүн жана карап чыгуунун маселелери толугу менен жөнгө салынган.

Токтом долбоору менен башка өзгөртүүлөр редакциялык, тактоочу мүнөзгө ээ жана жаңы Мыйзамдын талаптарына ылайык келтирүүгө багытталган.

**3. Мүмкүн болгон социалдык, экономикалык, финансылык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык жана коррупциялык кесепеттердин божомолдору**

Бул токтом долбоорун кабыл алуу социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык, коррупциялык кесепеттерге алып келбейт.

**4. Коомдук талкуулоонун жыйынтыгы жөнүндө маалымат**

Коомдук талкуулоону камсыздоо максатында, "Ченемдик укуктук актылар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 22-беренесин ишке ашыруу үчүн токтом долбоору Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын долбоорлорун коомдук талкуулоонун бирдиктүү порталында жана Кыргызпатенттин расмий сайтында жайгаштырылат.

**5. Долбоордун мыйзамдарга ылайык келишин талдоо**

Сунушталган токтом долбоору колдонулуп жаткан мыйзамдардын, ошондой эле Кыргыз Республикасы алардын катышуучусу болуп саналган, белгиленген тартипте күчүнө кирген, эл аралык келишимдердин ченемдерине карама-каршы келбейт.

**6. Каржылоонун зарылдыгы жөнүндө маалымат**

Бул токтом долбоорун кабыл алуу мамлекеттик бюджеттен кошумча финансылык сарптоолорду талап кылбайт.

**7. Жөнгө салуучу таасирин талдоо жөнүндө маалымат**

Сунушталган токтом долбоорунун жөнгө салуучу таасирин талдоо талап кылынбайт, анткени Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-августундагы №444 токтому менен бекитилген Ишкердик субъекттеринин ишине ченемдик укуктук актылардын жөнгө салуучу таасирин талдоо методикасынын 4-пунктунун 4-пунктчасына ылайык аталган актылар юридикалык күчүнүн даражасы боюнча жогору турган ченемдик укуктук актыларга шайкеш келтирилет.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде Кыргызпатент Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтом долбоорун макулдашууга киргизет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетине караштуу**
**Интеллектуалдык менчик**
**жана инновациялар**
**мамлекеттик агенттигинин**
**директору** **Р. Керимбаева**